УДК 373.3.811.111.2
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-49-53

**ГАПАРОВА Ч.А.**
Ош мамлекеттик университети
**ГАПАРОВА Ч.А.**
Ошский государственный университет
**GAPAROVA CH.A.**
Osh State University

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КЫЗМАТЧЫ СӨЗДӨРДҮ ОКУТУУДА ТИЛДИК ЖАНА КЕПТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ КӨНҮГҮҮ ЖУМУШТАРЫ

## УПРАЖНЕНИЯ ДЛЯ ФОРМИРОВАНИЯ ЯЗЫКОВЫХ И РЕЧЕВЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ ПРИ ОБУЧЕНИИ СЛУЖЕБНЫМ СЛОВАМ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

## EXERCISES FOR THE FORMATION OF LINGUISTIC AND SPEECH COMPETENCIES IN TEACHING FUNCTION WORDS IN PRIMARY CLASSES

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада башталгыч класстарда кызматчы сөздөрдү окутуу процессинде тилдик жана кептик компетенцияларды калыптандырууга багытталган көнүгүү жумуштары каралган. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылы бекиткен "Кыргыз тили жана адабий окуу" предметтик стандартынын негизинде кызматчы сөздөрдүн окутулушун, алардын окуучулардын тилдик өнүгүүсүнө, сөз байлыгын өстүрүүгө жана грамматикалык эрежелерди турмуштук кырдаалда колдонууга кандай таасир этkendиги талданат. Көнүгүүлөрдүн коммуникативдик максатка жетүү үчүн талап кылынган деңгээлдери жана тексттер менен байланыштуу өткөн грамматикалык темалардын окутуунун сапатын арттырууга багытталгандыгы иликтөөгө алынат.

**Аннотация:** В статье рассматриваются упражнения, направленные на развитие языковых и речевых компетенций в процессе обучения служебным словам в начальных классах. На основе предметного стандарта "Кыргызский язык и литература", утвержденного Министерством образования и науки Кыргызской Республики в 2022 году, анализируется преподавание служебных слов, их влияние на языковое развитие учащихся, расширение словарного запаса и применение грамматических правил в реальных жизненных ситуациях. Исследуются уровни, необходимые для достижения коммуникативной цели, а также связь с прошлыми грамматическими темами, что направлено на повышение качества обучения.

**Abstract:** The article examines exercises aimed at developing linguistic and speech competencies in the process of teaching function words in elementary school. Based on the "Kyrgyz Language and Literature" subject standard approved by the Ministry of Education and Science of the Kyrgyz Republic in 2022, the teaching of function words is analyzed, along with their impact on students' language development, vocabulary expansion, and the application of grammatical rules in real-life situations. The levels required to achieve communicative goals, as well as the connection with previous grammatical topics, are explored with the aim of improving the quality of instruction.

**Негизги сөздөр:** кызматчы сөздөр; башталгыч класстар; предметтик стандарт; кеп өстүрүү; тилдик компетенция; кептик компетенция; текст.

**Ключевые слова:** служебные слова; начальные классы; предметный стандарт; развитие речи; языковая компетенция; речевая компетенция; текст.

**Keywords:** primary school classes; subject standard; speech development; linguistic competence; speech competence; text.

Башталгыч класстарда кызматчы сөздөрдү окутуу – бул окуучулардын тилдик компетенциясын калыптандырууда маанилүү маселелердин бири. Кызматчы сөздөр сүйлөмдүн түзүлүшүн, маанисин жана логикалык байланыштарын аныктоодо негизги ролду ойнойт. Ошондуктан макалада кызматчы сөздөрдү окутуунун өзгөчөлүктөрү, методикалык негиздери жана натыйжалуу көнүгүүлөрдү иштеп чыгуу маселеси

актуалдуу болуп эсептелет. Изилдөөдө байкоо жана талдоо методдору колдонулган. Изилдөөнүн негизги материалы катары башталгыч класстардын “Кыргыз тили” окуу китебиндеги кызматчы сөздөрдү окутууга карата берилген көнүгүү жумуштары эсептелет.

“Өлкөнүн социалдык-экономикалык, санариптик өнүгүүсүндөгү бирден бир негизги кыймылдаткыч күч бул билим берүү системасы болуп саналат. Ал окуучулардын окууга билим алууга карата кызыгуусун, таанып-билүүгө болгон активдүүлүгүн арттырууга көз каранды” [8]. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги 2022-жылы бекиткен "Кыргыз тили жана адабий окуу" предметтик стандарты башталгыч класстар үчүн окуу материалдарын коммуникативдик ишмердүүлүккө негиздеп түзүүгө багытталган. Бул стандартта негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу максатында окуу материалдары мазмундук тилкелерге бөлүнгөн. Алардын бири — тил системасынын элементтери, анын ичинде кызматчы сөздөр жана алардын түрлөрү боюнча билим берүү каралган [3:29]. Кызматчы сөздөр башталгыч класстардын предметтик стандартында төмөнүчө берилген:

**Башталгыч класстардын “Кыргыз тили жана адабий окуу” предметтик стандарты**

| Мазмундук тилке | Аспектилер | 1-класс | 2-класс | 3-класс | 4-класс |
|---|---|---|---|---|---|
| 2. Тил системасынын элементтери | Морфология | | | Кызматчы сөздөр | кызматчы сөздөр (байламта, бөлүкчө, жандооч) |

Жогорудагы предметтик стандартта кызматчы сөздөр 3-класстан баштап окутулушу керектиги белгиленгени менен, акыркы жылдары жарык көргөн окуу китептеринде бул материал толук камтылбаганы байкалат. Мисалы, А.Р. Акунова жана Б.С. Чокошева тарабынан жазылган 2- жана 3-класстар үчүн "Кыргыз тили" окуу китептеринде кызматчы сөздөр жөнүндө теориялык маалыматтар дээрлик берилген эмес. Бирок бул окуу процессине терс таасирин тийгизбейт жана грамматикалык материалдардын мазмундук талаптарын бузбайт.

Кызматчы сөздөр боюнча негизги маалымат 4-класстын "Кыргыз тили" окуу китебинде камтылган. Бул китепте "Кызматчы сөздөр", "Жандоочтор", "Байламталар" жана "Бөлүкчөлөр" сыяктуу темаларга көңүл бурулган.

Теориялык материалдарды окуучуларга жеткирүү жана алардын байланыштуу кебин өнүктүрүү үч деңгээлде жүргүзүлөт:

1. **Репродукциялык** – билимди кабыл алуу;
2. **Продукциялык** – алган билимди түшүнүү жана колдонуу;
3. **Креативдик** – билимди практикада пайдалана билүү.

Башталгыч класстын окуу китебинде кызматчы сөздөр боюнча берилген көнүгүүлөр ушул үч деңгээлди эске алуу менен иштелип чыккан. "Кызматчы сөздөр" темасындагы тапшырмаларды топтоштуруп, төмөнкүдөй деңгээлге ажыратууга болот:

- **Биринчи деңгээл**: Текстти окуп түшүнүү, көчүрүү жана кызматчы сөздөрдү табуу;
- **Экинчи деңгээл**: Кызматчы сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөрдү түзүү;
- **Үчүнчү деңгээл**: Кызматчы сөздөрдү колдонуп диалог түзүү.

Алсак, окуу китебинде “Кызматчы сөздөр” деген темада алты көнүгүү иши берилген. Көнүгүү жумуштары үч деңгээлди тең камтыган тапшырмалардан турат. Алардын ичинен 4 көнүгүү биринчи деңгээлдеги тапшырмалар болуп саналат. Алсак, биринчи деңгээлдеги тапшырмалар:

**1-көнүгүү.** Текстти окуп, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле.

Силер сүйүнчү айтып көрдүңөр беле? Качан, кимге жана эмнени сүйүнчүлөдүңөр эле? [7:135] .

**2-көнүгүү.** Тексттин 1-2-абзацын көчүрүп жазгыла. Кызматчы сөздөрдү таап, астын сызгыла [7:135] .

**3-көнүгүү.** Схеманы дептериңерге көчүрүп, толтургула. Мисалдарды жазгыла. [7:135] .

**4-көнүгүү.** Тексттин 3-абзацын көчүрүп жазып, кызматчы сөздөрдү тапкыла. [7:136] .

Экинчи деңгээлдеги бир гана көнүгүү бар. Мисалы:

**6-көнүгүү.** Жана, менен, жөнүндө, көздөй, чейин деген кызматчы сөздөрдү катышытырып, сүйлөмдөрдү түзгүлө [7:136] .

Үчүнчү деңгээлдеги бир көнүгүү берилген:

**5-көнүгүү.** Кызматчы сөздөрдү катыштырып, сүйүнчүлөө боюнча диалог түзгүлө [7:136] .

"Жандоочтор" деген грамматикалык темада 7 көнүгүү берилген. Алардын ичинен биринчи деңгээлдеги тапшырмалардын саны – төртөө. Алсак, алар төмөнкүчө берилген:

**1-көнүгүү.** Таблицадагы сөздөр менен жандоочторду бири-бирине туура келтирип жазгыла. Жандооч өзүнүн жанындагы сөздүн кандай жөндөмөдө турушун талап кылгандыгын аныктагыла [7:136] .

**2-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, жандоочтордун астын сызгыла [7:136] .

**3-көнүгүү.** Ребусту жандыргыла.

**4-көнүгүү.** Макалдардын маанисин чечмелегиле. Кайсы макалда жандооч сөз катышат? Дептериңерге жазып алгыла [7:137] .

Экинчи деңгээлдеги тапшырмалардын саны – экөө. Мисалы:

**5-көнүгүү.** Сүрөттөр боюнча жандоочторду катыштырып, сүйлөмдөрдү түзгүлө [7:137] .

**6-көнүгүү.** Табышмакты тапкыла. Жандырмагы менен жандоочторду катыштырып, сүйлөмдөрдү түзгүлө [7:137] .

Ал эми бир көнүгүү үчүнчү деңгээлде түзүлгөн. Алсак:

**7-көнүгүү.** Сүйүнчүлөө каадасы жөнүндө эмне айта аласыз? деген суроону коюп, улуулардан интервью алгыла [7:137] .

Жогорудагы "Кызматчы сөздөр" жана "Жандоочтор" деген грамматикалык темалар "Сүйүнчүлөө" деген текст менен байланыштуу өтүлөт.

Окуу китебинде "Байламталар" деген грамматикалык темага тиешелүү беш көнүгүү-тапшырмасы берилсе, "Бөлүкчөлөр" темасына алты көнүгүү жумуштары берилген. Байламталар темасындагы төрт көнүгүү биринчи деңгээлдеги тапшырмалар болсо, бир көнүгүү экинчи деңгээлдеги тапшырмалар болуп эсептелет. Ал эми "Бөлүкчөлөр" темасында болсо биринчи деңгээлдеги тапшырмалардын саны – бешөө, бирөө - түшүнүү деңгээлинде түзүлгөн тапшырма.

Окуу китебиндеги кызматчы сөздөрдү өздөштүрүүгө байланыштуу көнүгүү жумуштарынын окуучулардын тилдик гана эмес, кептик компеттенттүүлүгүн да арттырууга багытталгандыгын белгилөөгө болот. Бирок креативдик багыттагы көнүгүү-тапшырмалардын саны аз экендиги байкалат.

Кыргыз тилин окутуунун негизги максаты – окуучуларды "күндөлүк турмуш-тиричиликтин түрдүү чөйрөсүндө жана турмуштук түрдүү кырдаалдарда кыргыз тилинде эркин сүйлөшө билүү менен сабаттуу жазууга ээ кылуу" [5:12]. Бул үчүн грамматикалык эрежелерди кургак жаттатпай, аларды турмуштук кырдаалда колдонууга мүмкүнчүлүк түзгөн көнүгүүлөр керек.

4-класстын "Кыргыз тили" окуу китебинде грамматикалык материалдарды окутууда тексттерге өзгөчө маани берилген, адабий билим менен тилдик билимди айкалыштырып билим берүүгө басым жасалган. "Тексттерди тандоодо алардын тарбиялык, көркөмдүк баалуулугу, маалымдуулугу, кеп өстүрүү тематикасынын актуалдуулугу эске алынат". [6:53] Алсак, кызматчы сөздөр боюнча 4-классынын "Кыргыз тили" окуу китебинде берилген бардык грамматикалык материалдар бир тексттин айланасында топтолуп, окуучулардын сөз байлыгын, дүйнө таануусун арттыруучу, чыгармачылыгын өстүрүүчү көнүгүү-тапшырмаларга негизделип жазылган. Мисалы, "Кызматчы сөздөр" жана "Жандоочтор" "Сүйүнчүлөө" тексти менен байланыштуу өтүлөт. Бул текст этномаданияттык тарбияны камтып, кыргыз элинин сүйүнчүлөө салтын түшүндүрөт.

Башка грамматикалык темалар да окуучулардын жашоо турмушуна жакын темалар аркылуу өтүлөт. Мисалы, **"Жайында"** тексти эс алуунун түрлөрүн, жан-жаныбарларга байкоо жүргүзүүнүн кызыктуулугу тууралуу болсо, **"Жагымдуу учурдун тарыхы"** тексти "каникул" сөзүнүн келип чыгышын баяндаган текст болуп саналат. Бул тексттердин тандалышында окуучулардын дүйнө таанымын кеңейтүүгө жана окуучуларды кептик коммуникативдүүлүккө ээ кылуу максаты көздөлгөн. Окуучу грамматикалык эрежелерди курулай жаттоо менен теориялык жактан гана сабаттуу болбостон, билген, үйрөнгөн грамматикалык-тилдик эрежелерди кебинде туура пайдалана алуусу негизги орунда турат. Бул окуучунун тилдик билимдерин практикада пайдалана, колдоно алуу максаты биринчи

орунга чыккандыгынан кабар берет. Ошондуктан акыркы мезгилдердеги активдүү сөздүк запасыбызга кирген компетенттүүлүк маселесинин жаралышы да ушул сыяктуу маселелерге негизделген.

Аталган тексттерди окууга карата китепте төмөнкүдөй тапшырмалар берилген.

Текстти оку, түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле. [7:135, 139] .

Бул тапшырмалар текстти жөн гана окууга эмес, аны түшүнүүгө, оозеки өз сөзү менен айтып берүүгө, т.а., кептик компетенттүүлүктү (ПК 1) калыптандырууга багытталган.

Көнүгүүлөрдүн ичинен төмөнкүлөрү текстке байланыштуу грамматикалык тапшырмаларды аткарууга байланышкан. Алсак:

- Тексттин 1-2-абзацын көчүрүп жазгыла. Кызматчы сөздөрдү таап, астын сызгыла.
- Тексттин 3-абзацын көчүрүп жазып, кызматчы сөздөрдү тапкыла.
- Тексттен бөлүкчөлөр катышкан сүйлөмдөрдү таап, көчүрүп жазгыла.
- Тексттин 1-абзацын көчүрүп жазып, байламталарды тапкыла. Кайсы жерде сөз менен сөздү, кайсы жерде сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырды?
- 2-абзацты көчүрүп жазып, байламталардын астын сызгыла.

Жогорудагы көнүгүүлөр текстти түшүнүүгө жана грамматикалык материалдарды билүү менен аларды туура колдонууга негиз болот. Башкача айтканда, окуучулардын кептик компетенттүүлүктөрүнөн сырткары тилдик компетенттүүлүктөрүн (ПК 2) калыптандыруу максаты коюлган.

Башталгыч класстардын окуучуларынын кебин өстүрүү учурдагы орчундуу маселелерден болуп келе жатат. Грамматикалык ар бир тема кеп өстүрүү иши менен байланыштуу жүргүзүлөрү методикалык адабияттардан белгилүү. Бул маселеде тилди текстке байланыштуу окутууда өзгөчө кеп өстүрүүгө карата түрдүү мазмундагы суроо-тапшырмаларды, машыгуу иш-аракеттерин текстке байланыштуу жүргүзүүгө болот.

Алсак, кызматчы сөздөргө байланыштуу окуу китебинде төмөнкүдөй кептик көнүгүүлөр берилген:

- Кызматчы сөздөрдү катыштырып, сүйүнчүлөө боюнча диалог түзгүлө.
- Сүрөттөр боюнча жандоочторду катышытырып, сүйлөмдөрдү түзгүлө.
- Сүйүнчүлөө каадасы жөнүндө эмне айта аласыз? деген суроону коюп, улуулардан интервью алгыла.
- “Мен жайкы каникулду кандай өткөрөм” деген темада жакында боло турган каникулуңарды пландаштырып жазгыла. Кызматчы сөздөрдү пайдалангыла.

Бул багыттагы тапшырмалар окуучуларга сөздөрдү, алардын туюндурган маанисин гана үйрөтпөстөн, эң башкысы көркөм жана стилистикалык жактан туура уюшулган кепти жана сөздөрдү түрдүү кырдаалдарда кебинде колдоно алуу көндүмүн калыптандырууга негиз болот.

4-класстын “Кыргыз тили” окуу китебиндеги көнүгүүлөрдө берилген макалдар, сүйлөмдөр, чакан тексттер да негизги тексттин тематикасына, тарбиялык маанисине ылайык тандалган. Анткени “көркөм адабият адамды рууханий байлыктар менен азыктандырат”[4:31]

Алсак, кызматчы сөздөр “Сүйүнчүлөө” текстине байланышуу өтүлүп, тексттен сырткаркы көнүгүүлөрдүн мааниси жакшы жүрүм-турумга байланыштуу берилген. Этномаданият таануу принциби жетекке алынып, окуучулардын социалдык-коммуникативдик жана өзүн өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган. Мисалы:

**2-көнүгүү.** Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, жандоочтордун астын сызгыла.

1.Телефон менен сүйлөшкөндө ким экенин жана эмне жөнүндө айтып коюу керектигин чакыруучу тарап өзү айтат.

2. Телефон аркылуу сүйлөшүүдө да, жана ар дайым эле жаман жана орой сөздөрдү колдонбоо керек.

3.Андан да кыска жана так сүйлөгөннө аракет кыл, телефон менен көпкө сүйлөшүп, ал адамдын убактысын алба.

Ал эми жандоочтор “Жайында” текстине байланышуу өтүлүп, тексттен сырткаркы көнүгүүлөрдүн мааниси жакшы эс алууга, адептүүлүккө байланыштуу түзүлгөн.

Мисалы:

**3-көнүгүү.** Накыл сөздөрдү байламталар менен толуктап жазгыла.

1.Эртеңкинди ойлосоң,

Элпек... сылык бол.

2.Адептүүлүк... маданияттуулук адамга көрк берет.

3.Токтоолук... сабырдуулук – эстүү адамдын сапаттары.

Бөлүкчөлөр темасы “Жагымдуу учурдун тарыхы” текстине байланышуу өтүлүп, тексттен сырткаркы көнүгүүлөрдүн мааниси каникулга, жана аба ырайына байланыштуу түзүлгөн. Мисалы:

**6-көнүгүү.**“Мен жайкы каникулду кандай өткөрөм” деген темада жакында боло турган каникулуңарды пландаштырып жазгыла. Кызматчы сөздөрдү пайдалангыла.

Көнүгүүлөрдүн бир тематиканын айланасында түзүлүшү окуучулардын акыл-эсинин бир багытка топтолушуна алып келип, сөз байлыгынын, ойлоосунун өнүгүшүнө жана алардын натыйжасында түрдүү кырдаалдарда коммуникацияны ишке ашырууга негизделген таанып билүүчүлүк жана коммуникативдик компетенциялары калыптанат.

Жыйынтыктап айтканда, кызматчы сөздөрдүн башталгыч класстарда окутулушу окуучулардын тилдик жана кептик компетенцияларын калыптандырууда маанилүү орунга ээ. Окуу китептериндеги көнүгүүлөр окуучулардын билим алуу мүмкүнчүлүктөрүнө ылайыкталып иштелип чыккан жана аларды коммуникативдик көндүмдөргө ээ кылууга багытталган. Кыргыз тилин текстке байланыштуу окутуу практикасы дүйнөлүк тажрыйбага негизделип, окуучулардын тилди үйрөнүү мотивациясын арттырууга жардам берет. Ошондуктан башталгыч класстарда кызматчы сөздөрдү окутууда интерактивдүү методдорду колдонуу жана окуучулардын кептик компетенттүүлүгүн арттырууга багытталган көнүгүүлөрдү кеңири пайдалануу зарыл.

**Колдонулган адабияттар**

1. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тили. - 2-класс. Кыргыз тилинде окуган мектептер үчүн. – Бишкек, 2013, 124-б.

2. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тили. - 3-класс. – Бишкек, 2013, 136-б.

3. Кыргыз тили жана адабий окуу предметтик стандарты: Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 1-4-класстары үчүн. / Токтомаметов А.Д., Абдухамидова Б.А., Мааткеримова А.Д. – Бишкек, 2022, 52-б.

4. Мадумарова М.К., Амалканова Б.Т. Мектептерде Ч. Айтматовдун чыгармаларын интеграциялап окутуунун жолдору // Жусуп Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. Спецвыпуск (S), 2020, 30-36-б. – URL: http://lib.knu.kg/files/2020/VKNU2020_s.pdf

5. Рысбаев С.К. Окуу кыргыз, орус, өзбек, жана тажик тилдеринде жүргүзүлүүчү мектептердин Кыргыз тили жана окуу” китептеринин мазмунуна коюлуучу дидактикалык жана методикалык талаптар. – Бишкек, 2013, 25-б.

6. Чокошева Б.С. Башталгыч класстарда кыргыз тилин текстке байланыштуу окутуунун технологиясын моделдештирүү: пед.ил.док. ...дисс. – Бишкек, 2017, 277-б.

7. Чокошева Б.С., Акунова А.Р. Кыргыз тили. - 4-класс. Кыргыз тилинде окуган мектептер үчүн. – Бишкек, 2015, 144-б.

8. Сулайманова Р.Т., Алымкулова Н.А. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы, 2024, № 3(119), с. 38-45. – URL: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=74919223

**Рецензент: к.п.н., доцент Мадумарова М.**